КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү аркылуу өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүнө илимдин салымын жогорулатуу жөнүндө**

Өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүнө илимдин салымын жогорулатуу максатында, «Илим жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18, 26-беренелерин, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 18-декабрындагы № 369 «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолу жөнүндө» Жарлыгын аткаруу үчүн, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүгө сунуштарды түзүү тартиби жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык;

2) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органынын илимий-техникалык кеңеши жөнүндө типтүү жобо 2-тиркемеге ылайык.

2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондун кошпогондо (макулдашуу боюнча), министрликтер, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу мамлекеттик органдар, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аппараттары, Кыргыз Республикасынын атайын статусу бар мамлекеттик органдары:

1) контролдук цифралардын алкагында негизги иши боюнча илимий-изилдөө, тажрыйба-конструктордук, долбоорлоо-изилдөө жана башка илимий-техникалык иштерди жүргүзүүгө борбордук аппараттардын жылдык бюджеттик жана атайын каражаттарынын бир пайызын жыл сайын бөлүүнү карасын;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

2) ушул токтомдон келип чыгуучу чараларды көрсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.А. Касымалиев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 833, 25.12.2025

Кол койгон: Касымалиев А.А.

# Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүгө сунуштарды түзүү тартиби жөнүндө жобо

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүгө сунуштарды түзүү тартиби жөнүндө жобо (мындан ары – Жобо) Кыргыз Республикасынын Улуттук банкын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондун кошпогондо, министрликтердин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу мамлекеттик органдардын, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аппараттарынын, Кыргыз Республикасынын атайын статусу бар мамлекеттик органдарынын (мындан ары – мамлекеттик органдар) муктаждыктары боюнча илимий-изилдөө иштерин (мындан ары – ИИИ) жүргүзүү аркылуу өлкөнүн экономикасынын тармактарын өнүктүрүү максатында иштелип чыккан.

2. Ушул Жобонун милдети мамлекеттик органдарда ИИИни жүргүзүү үчүн талаптарды иштеп чыгуу болуп саналат.

3. Мамлекеттик органдарда ИИИни жүргүзүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген тартипте жүргүзүлөт, ошол эле учурда ИИИ жогоруда аталган Мыйзамды түшүнүүдө кызмат көрсөтүү катары каралат.

4. ИИИ мамлекеттик органдын негизги иши боюнча мамлекеттик орган тарабынан кабыл алынган чечимдердин илимий негиздүүлүгүн иштеп чыгуу үчүн аткарылат.

5. Ушул Жобо мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүрүзүлүүчү, мамлекеттик сырларды коргоого байланышкан ИИИни жүргүзүүгө колдонулбайт. Ушул Жобо «Илим жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен жөнгө салынуучу мамлекеттик заказ боюнча ИИИни түзүү тартибине да колдонулбайт.

## 2-глава. ИИИнин тематикаларына талаптар

6. Илимий иштин төмөнкүдөй түрлөрү боюнча ИИИ жүргүзүлөт:
1) илимий-инновациялык иш;
2) илимий жана илимий-техникалык иш;

3) илимий-маалыматтык иш;

4) тажрыйба-конструктордук иштер;

5) колдонмо илимий изилдөөлөр;

6) фундаменталдык илимий изилдөөлөр.

7. ИИИни жүргүзүүгө сунуштар төмөнкүдөй учурда берилиши мүмкүн, эгер алар:

1) мамлекеттик органдын стратегиялык милдеттерин чечүүгө багытталса;

2) жалпы мамлекеттик тармактык же тармактар аралык мүнөздө болсо;

3) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген илимди өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарына кирсе.

8. ИИИ төмөнкүдөй максаттарга жетүү үчүн жүргүзүлөт:

1) өндүрүштө жаңы техниканы, технологияларды жана материалдарды, продуктуларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өздөштүрүү, жогорку технологиялык өндүрүштөрдү ишке киргизүү;

2) инновациялык продуктуну алуу;

3) мамлекеттик программаларды жана милдеттерди иштеп чыгуу, чечүү;

4) илимий-техникалык платформа үчүн жаңы маалыматтарды алуу жана башкалар.

## 3-глава. ИИИни жүргүзүүгө сунуштарды түзүү тартиби

9. ИИИни жүргүзүүгө сунуштарды түзүү төмөнкүдөй этаптардан турат:

1) мамлекеттик органдын түзүмдүк бөлүмдөрүнөн ИИИни жүргүзүүгө сунуштарды топтоо;

2) коллегиялуу орган – илимий-техникалык кеңеш (мындан ары – ИТК) тарабынан сунуштарды карoo;

3) «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык ИИИни жүргүзүүгө кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча ишти уюштуруу.

10. Мамлекеттик органдын түзүмдүк бөлүмдөрүнөн ИИИни жүргүзүүгө сунуштарды топтоо мамлекеттик органдын ишинин алкагындагы актуалдуу маселелер боюнча жүргүзүлөт.

Сунуштар төмөнкүдөй документтерди тиркөө менен түзүлүүгө тийиш:

1) «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесине ылайык сатып алуу жөнүндө документтерди даярдоо үчүн баштапкы материалдар;

2) ИИИ концепциясы.

11. ИИИ концепциясы төмөнкүлөрдү чагылдырууга тийиш:

1) сунушталган иштин максаты жана милдеттери, актуалдуулугу, максатка ылайыктуулугу (улуттук жана/же мамлекеттик программаны же социалдык-экономикалык проблеманы көрсөтүү менен);

2) тиешелүү багыттын (проблеманын) өнүгүшүнүн дүйнөлүк тенденцияларынын абалын талдоо, сунушталган иштин жаңылыгын баалоо;

3) ИИИни аткаруу үчүн талап кылынган ресурстарды баалоо (конструктордук-технологиялык жана өндүрүштүк база боюнча ИИИ аткаруучулары үчүн талаптар);

4) ИИИден күтүүлөр, натыйжалардын болжолу, анын ичинде экологиялык, социалдык, долбоордун актуалдуулугун жоготуу тобокелдигинин болжолдору;

5) ИИИнин ишинин календардык планы;

6) уюштуруу маселелери жана ИИИни аткарууну финансылык жана ресурстук камсыз кылуу маселелери боюнча сунуштар.

12. ИТК түзүлгөн сунуштарды карайт жана 3 жуманын ичинде өзүнүн чечимдерин мамлекеттик органдын жетекчисинин кароосуна жиберет.

13. ИТКнын чечими төмөнкүлөрдү чагылдырууга тийиш:

1) мамлекеттик органдын каражаттарынын эсебинен ИИИни жүргүзүүнүн максатка ылайыктуулугун (мамлекеттик илимий-техникалык саясаттын максаттарына, милдеттерине жана артыкчылыктарына шайкештигин);

2) ИИИнин оригиналдуулугу жөнүндө маалыматты;

3) улуттук жана/же мамлекеттик программаларга (стратегиялык документтерге) же социалдык-экономикалык проблемаларга шайкештиги жөнүндө маалыматты.

14. Мамлекеттик органдын жетекчиси ИИИнин тандалган темалары боюнча мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү жөнүндө чечим кабыл алат.

15. Тандалган темалар боюнча «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен жөнгө салынган жол-жоболор жүргүзүлөт.

16. Тиешелүү жол-жоболор менен аныкталган юридикалык же жеке жак ИИИни аткаруучу болуп саналат.

17. Менчигинин түрүнө карабастан уюмдар ИИИнин аткаруучулары боло алат.

18. Аткаруучуда техникалык өзгөчөлүккө ылайык ИИИни аткаруу үчүн талап кылынган жабдуулар болууга тийиш. Кадрдык курамга жогорку кесиптик билими бар адистер кирүүгө тийиш, окумуштуулук даражанын болушу артыкчылык болуп саналат.

19. Аткаруучулар ИИИни жүргүзүүгө илимий, илимий-техникалык кызматкерлерди, адистерди, анын ичинде чет

өлкөлүк адистерди Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык ишке тартышы мүмкүн.

20. Зарыл болгон учурда мамлекеттик орган аткаруучуну тиешелүү жабдуулар менен камсыз кыла алат.

21. Аткаруучу ИИИни аткаруу үчүн зарыл болгон жабдууларды, материалдарды жана башканы сатып алууга укуктуу.

22. Аткаруучу ар бир 6 айда жарым жылдык аралыктык отчетту, календардык жылдын жыйынтыгы боюнча – жылдык, ошондой эле ИИИ аяктаганда – жыйынтыктоочу отчетту берүүгө милдеттүү.

Отчеттор мамлекеттер аралык МАМСТ 7.32-2017 стандартына ылайык берилет.

23. ИИИнин алынган натыйжаларын баалоо ушул Жобонун 4-главасында көрсөтүлгөн критерийлерге ылайык ИТК тарабынан жүргүзүлөт.

## 4-глава. ИИИнин натыйжалары

24. ИИИнин натыйжалары төмөнкүдөй болуууга тийиш:

1) тиешелүү тармакта практикалык ишке ашырылууга;

2) өлчөө индикаторлоруна ээ болууга;

3) ишке ашыруу планынан жана зарыл болгон каржылоо сметасынан турууга;

4) атаандаштыкка жөндөмдүү болууга;

5) товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн импортун кыскартуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болууга;

6) социалдык-экономикалык проблемаларды комплекстүү чечүүгө.

25. ИИИнин натыйжалары жөнүндө отчеттор төмөнкүдөй маалыматтарды камтуу менен берилет:

1) техникалык өзгөчөлүктө жана келишимдин шарттарында каралган илимий-техникалык документтердин комплектин;

2) МАМСТ 7.32-2017 ылайык илимий-изилдөө иши жөнүндө отчетту.

26. ИТК төмөнкүдөй критерийлер боюнча таблицага ылайык 10 баллдык шкала боюнча ИИИни жүргүзүү жөнүндө отчетту кабыл алат:

1) отчеттун мазмунунун билдирилген темага жана социалдык-экономикалык проблемалардын багыттарына шайкештиги;

2) отчеттун фундаменталдык, колдонмо илимдин жана техниканын өнүгүшүнүн заманбап деңгээлине шайкештиги;

3) дүйнөдөгү/өлкөдөгү окшош иштерден айырмасы;

4) отчеттун коюлган милдеттерге шайкештигин баалоо, ошондой эле ИТКнын сунушу боюнча башка пункттар.

27. ИТК жылдык жана жыйынтыктоочу отчетторду карайт. Канааттандырарлык корутунду болгондо жүргүзүлгөн иштин натыйжалары кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы менен кабыл алынат.

## 5-глава. ИИИни каржылоо

28. Мамлекеттик органдар билдирилген контролдук цифралардын алкагында борбордук аппараттардын каралган каражаттарынан бир пайыз өлчөмүндө ИИИни жүргүзүүгө бюджеттик каражаттарды бөлүп бериши мүмкүн.

Атайын каражаттар болгондо мамлекеттик органдар ИИИни жүргүзүүгө мамлекеттик органдардын борбордук аппараттарынын каралган атайын каражаттарынан бир пайыз өлчөмүндө каражаттарды да бөлүп бериши мүмкүн.

29. Ушул Жобону ишке ашырууга байланышкан чыгымдар ушул Жобонун 28-пункттун эске алуу менен тиешелүү жылдарга республикалык бюджет жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык каралган каражаттардын чегинде жүргүзүлөт.

30. Кезектеги жылга республикалык бюджеттин жана Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолунун долбоорлорун түзүүдө мамлекеттик органдар тиешелүү жылга контролдук цифралардын алкагында бир пайызды эске алуу менен тиешелүү органдарга ИИИни жүргүзүүгө сунуштарды жиберет.

31. Мамлекеттик органдарда жүргүзүлүүчү ИИИ Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка каражаттардын эсебинен каржыланышы мүмкүн.

## 6-глава. Корутунду жоболор

32. ИИИнин натыйжалары тиешелүү маселелер боюнча мамлекеттик органдардын чечимдерин кабыл алуу үчүн негиз болуп саналат.

33. ИИИ коюлган максаттарга толук жетүү үчүн зарыл болгон мезгилде, бирок мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболору жарыяланган күндөн тартып 3 жылдан ашпаган мезгилде жүргүзүлөт.

34. ИИИ этап-этабы менен ишке ашырылышы мүмкүн. Этаптарга бөлүнгөн учурда, ар бир этап үчүн өзүнүн аткаруучулары аныкталышы мүмкүн.

35. Мамлекеттик органдар ИИИни жүргүзүү боюнча иштин натыйжалары жөнүндө маалыматты жыл сайын борбордук тармактык мамлекеттик органга, ошондой эле мамлекеттик органдарда жүргүзүлгөн ИИИ реестрине киргизүү үчүн илим чөйрөсүндөгү мамлекеттик органга берет.

36. ИИИни аткаруунун жүрүшүндө алынган интеллектуалдык иштин натыйжалары мамлекеттин менчиги болуп саналат. Укуктук корголууга тийиш болгон интеллектуалдык иштин натыйжалары Кыргыз Республикасынын интеллектуалдык менчик чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык белгиленген тартипте катталат.

37. Аткаруучулар логикалык аяктоого чейин жеткирилген ИИИнин бардык натыйжаларын толук көлөмдө мамлекеттик органга берүүгө милдеттүү.

38. Аткаруучунун мамлекеттик органдын жазуу жүзүндөгү уруксатысыз ИИИни ишке ашырууда алынган илимий натыйжаларды жарыялоого укугу жок.

39. Ушул Жобо «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына каршы болгон учурда жогоруда аталган Мыйзамдын ченемдери колдонулат.

2-тиркеме

# Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органынын илимий-техникалык кеңеши жөнүндө типтүү жобо

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Ушул Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органынын илимий-техникалык кеңеши жөнүндө типтүү жобо (мындан ары – Типтүү жобо) Кыргыз Республикасынын Улуттук банкын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондун кошпогондо, министрликтердин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу мамлекеттик органдардын, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аппараттарынын, Кыргыз Республикасынын атайын статусу бар мамлекеттик органдарынын (мындан ары – мамлекеттик органдар) илимий-техникалык кеңешинин негизги милдеттерин, функцияларын, укуктарын, ишин уюштурууну, иш тартибин аныктайт.

2. Илимий-техникалык кеңеш (мындан ары – ИТК) – мамлекеттик орган тарабынан кабыл алынган чечимдердин илимий негиздүүлүгү үчүн түзүлүүчү мамлекеттик органдын консультациялык-кеңеш берүүчү, эксперттик, коллегиялуу органы.

3. ИТК өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ченемдик укуктук актыларын, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын чечимдерин, ошондой эле ушул Типтүү жобону жетекчиликке алат.

## 2-глава. ИТКнын негизги милдеттери жана функциялары

4. ИТКнын негизги милдеттери илим жаатындагы мамлекеттик саясатты ишке ашырууда мамлекеттик органга көмөк көрсөтүү, ошондой эле тиешелүү тармакта илимий-изилдөө иштерин (мындан ары – ИИИ) жана долбоорлорду жүргүзүүнү координациялоо болуп саналат.

5. ИТКнын функциялары:

– мамлекеттик органдын ыйгарым укуктарынын чегинде илимий-техникалык жана инновациялык саясатты түзүү жана ишке ашыруу, анын ичинде илимий ишти өнүктүрүүнүн мамлекеттик артыкчылыктары, механизмдери жана шарттары боюнча сунуштарды, ошондой эле илим чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашыруу боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу;

– мамлекеттик органдын илимий жана илимий-техникалык өнүгүүсүнүн артыкчылыктуу багыттарын жана ИИИнин негизги багыттарын аныктоо;

– ИИИни жүргүзүүгө сунуштарды кароо, алардын аткарылышын контролдоо, иштеп чыгуулардын илимий-техникалык баалуулугун аныктоо, алардын илимий жана практикалык мааниси жөнүндө сунуштамаларды жана корутундуларды даярдоо;

– мамлекеттик органдын максаттуу жана илимий-техникалык программаларын кароо жана талдоо, аларды түзүү боюнча сунуштарды жана мамлекеттик каржылоо үчүн ИИИ боюнча сунуштамаларды даярдоо;

– эл аралык кызматташуунун алкагында ИИИ боюнча сунуштарды кароо жана иштеп чыгуу;

– мамлекеттик органдын ишин маалыматтык-аналитикалык коштоо жана илим, техника жана инновациялар маселелери боюнча бизнес-түзүмдөр, билим берүү, илимий уюмдар жана башка кызыкдар тараптар менен өз ара аракеттенүү;

– илим системасындагы маалыматтык жана илимий-техникалык тейлөөнү камсыз кылууну контролдоо;

– ИИИни жүргүзүүгө таасир этүүчү илимий-экономикалык, ченемдик укуктук жана уюштуруучулук маселелерди кароо жана илимий иштин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн алдынкы илимий жана илимий-методикалык чечимдерди пайдалануу боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу;

– тиешелүү чөйрөдөгү жаңы жетишкендиктерди өндүрүштө колдонууга жана ишке киргизүүгө көмөк көрсөтүү;

– ИИИнин натыйжаларын баалоо.

6. ИТКнын ишинин негизги принциптери:

– ачык-айкындуулук;

– коллегиялуулук;

– чечимдердин илимий негиздүүлүгү;

– ачыктык;

– объективдүүлүк;

– эксперттердин көз карандысыздыгы;

– кеңештин мүчөлөрүнүн жоопкерчилиги.

## 3-глава. ИТКнын укуктары жана милдеттери

7. ИТК өзүнүн милдеттерине ылайык төмөнкүлөргө укуктуу:

– ИТКнын функцияларына кирген маселелер боюнча сунуштарды киргизүүгө;

– илимий, билим берүү жана башка уюмдардын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилеринен ИТКнын иши үчүн зарыл болгон маалыматтарды жана материалдарды суроого;

– өзүнүн ишине окумуштууларды жана адистерди, башка мамлекеттик органдын ИТК мүчөлөрүн тартууга;

– Кыргыз Республикасынын илим чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык мамлекеттик заказ боюнча каржылануучу ИИИнин жетекчилеринин билдирүүлөрүн жана отчетторун угууга;

– ИТКнын ишине тиешелүү маселелер боюнча убактылуу жумушчу топторду түзүүгө;

– илимий-техникалык кызматташуу жана илим жаатындагы мамлекеттик саясатты өркүндөтүү боюнча биргелешкен сунуштарды иштеп чыгуу максатында мамлекеттик органдардын, илимий, илимий-техникалык уюмдардын, жогорку окуу жайлардын жана бизнес-коомчулуктун өкүлдөрү менен ИТКнын кеңейтилген жыйналыштарын өткөрүүгө;

– илим чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу боюнча сунуштамаларды киргизүүгө.

## 4-глава. ИТКны түзүү тартиби

8. ИТКнын курамы мамлекеттик орган тарабынан окумуштуулардын, тиешелүү тармактагы адистердин, илимий жана билим берүү уюмдарынын, мамлекеттик органдардын, өндүрүштүн жана бизнес-түзүмдөрдүн өкүлдөрүнөн түзүлөт. ИТКнын курамына өкмөттүк эмес жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү да кириши мүмкүн.

9. ИТКнын курамына талапкерлер төмөнкүдөй критерийлерге шайкеш келүүгө тийиш:

– илимдин тиешелүү тармагында окумуштуулук даражасынын болушу;

– илимий чөйрөдө 5 жылдан кем эмес иш тажрыйбасы, анын ичинде илимий долбоорлорду башкаруу тажрыйбасы;

– рецензияланган илимий журналдарда публикацияларынын болушу жана эл аралык конференцияларга катышуусу;

– илимий мекемелердеги иш тажрыйбасы;

– илимий программаларды же долбоорлорду иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышуусу.

Бул критерийлер мамлекеттик органдардын, өндүрүштүн жана бизнес-түзүмдөрдүн өкүлдөрү үчүн милдеттүү эмес.

10. ИТКнын курамына төмөнкүлөр кирет:

– төрага – мамлекеттик органдын жетекчиси;

– төраганын орун басары – мамлекеттик органдын жетекчисинин орун басары жана/же түзүмдүк бөлүмдүн жетекчиси;

– илимдин тиешелүү багыттарынын өкүлү болгон мүчөлөр;

– катчы (добуш берүү укугу жок).

11. ИТКнын курамы мамлекеттик органдын жетекчисинин чечими менен 2 (эки) жылдык мөөнөткө бекитилет жана так сандагы добуш берүүчү мүчөлөрдөн турат.

## 5-глава. ИТКнын ишин уюштуруу

12. ИТК жыйналыштарды зарылдыгына жараша, бирок жылына эки жолудан кем эмес офлайн жана/же онлайн форматта өткөрөт.

ИТКда каралган маселелер көрсөтүүнү жана өндүрүштө түздөн-түз талкуулоону талап кылган учурларда ИТКнын көчмө жыйналыштары өткөрүлөт.

13. ИТКнын төрагасы:

– ИТКнын ишин жетектейт;

– ИТКнын жыйналыштарына төрагалык кылат;

– талаш-тартыштуу маселелерди талкуулоодо коллегиялуулукту камсыз кылат;

– ИТКнын жыйналыштарынын күн тартибин, өткөрүү датасын жана ордун аныктайт;

– ушул Типтүү жободо аныкталган милдеттердин аткарылышын камсыз кылат;

– ИТКнын чечимдеринин ишке ашырылышын жалпы контролдойт;

– ИТКнын документтерине кол коет;

– ИТКнын ишин жетектөө үчүн зарыл болгон башка ыйгарым укуктарды аткарат.

14. ИТКнын төрагасынын орун басары:

– ИТКнын төрагасы жок болгон учурда ИТКнын жыйналыштарына төрагалык кылат;

– ИТКнын жыйналыштарынын күн тартибин түзөт;

– айрым маселелерди чечүү үчүн ИТКнын жыйналыштарынын катышуучуларынын, баяндамачылардын, анын ичинде башка уюмдардан чакырылгандардын курамын аныктайт;

– ИТКнын чечимдеринин аткарылышын контролдойт;

– төрага менен макулдашуу боюнча ИТКнын иши жөнүндө отчетторду түзөт;

– ИТКнын мүчөлөрүнүн жана башка кызыкдар тараптардын сунуштарынын негизинде ИТКнын иш планын иштеп чыгат;

– ИТКнын мүчөлөрүнүн ишин координациялайт;

– ИТКнын документтерине кол коет;

– ИТКнын ишин жетектөө үчүн зарыл болгон башка ыйгарым укуктарды аткарат.

15. ИТКнын катчысы:

– ИТКнын учурдагы ишин уюштурат;

– ИТКнын ишин маалыматтык жана уюштуруу-техникалык камсыз кылууну уюштурат;

– ИТКнын жыйналыштарынын протоколдорун тариздейт;

– ИТКнын чечимдерин аткаруу боюнча ишти жүргүзөт;

– өзүнүн ыйгарым укуктарынын алкагында ИТКнын документтерине кол коет;

– ИТКнын төрагасынын жана анын орун басарынын тапшырмаларынын аткарылышын уюштурат жана контролдойт.

16. ИТКнын мүчөлөрү:

– каралган маселелер жана материалдар, ИТКнын жыйналыштарынын протоколдору боюнча сын-пикирлерди жана сунуштарды киргизет;

– тиешелүү чечимдерди кабыл алууну талап кылган илимий-техникалык жана экономикалык маселелерди ИТКнын талкуусуна коет;

– ИТКнын жыйналышына чейин каралган маселелер боюнча материалдар менен таанышат;

– баяндамалар менен чыгып сүйлөө аркылуу ИТКнын ишине активдүү катышат;

– ИТКнын документтерине кол коет;

– корутундулардын, чечимдердин долбоорлорун даярдоо үчүн сунуштарды киргизет.

17. ИТКнын кезектеги жыйналышында каралуучу маселелер боюнча материалдар кагаз же электрондук түрдө ИТКнын мүчөлөрүнө жана катышуучуларына жыйналыштын датасына чейин 3 күн эрте берилет.

18. ИТКнын мүчөлөрүнүн жарымынан кем эмеси ага катышкан учурда ИТКнын жыйналыштары мыйзамдуу болуп саналат. ИТКнын чечимдери ачык добуш берүү аркылуу кабыл алынат жана добуш берүү укугу бар жыйналышка катышкан 3/2ден (үчтөн/эки) кем эмес ИТКнын мүчөсү добуш берген учурда кабыл алынды деп эсептелет. ИТКнын мүчөлөрү онлайн форматта жыйналыштарга катышууга укуктуу.

19. Чечимди кабыл алууга каршы добуш берген ИТКнын мүчөлөрү ИТКнын чечимине «өзгөчө пикир» белгиси менен жазуу жүзүндөгү позициясын тиркейт.

20. ИТКнын чечимдери сунуштоочу мүнөзгө ээ жана протоколдор менен тариздfestivals.

21. ИТКнын айрым чечимдери мамлекеттик органдын чечими менен бекитилет.

## 6-глава. Корутунду жоболор

22. ИТК кабыл алынган чечимдердин негиздүүлүгү үчүн жоопкерчилик тартат.

23. ИТКнын жыйналыштарынын протоколдорунун түп нускасы Кыргыз Республикасынын архив иши чөйрөсүндөгү мыйзамдарынын ченемдерине ылайык мамлекеттик органда сакталат.

24. Ушул Типтүү жобонун негизинде мамлекеттик органдын ИТКсы жөнүндө жобо иштелип чыгышы мүмкүн.

25. ИТКнын иши мамлекеттик органдын чечимине ылайык токтотулат.